ФИЛОЛОГИЯ ИЛИМДЕРИ
ФИЛОЛОГИЧЕСКИЕ НАУКИ
PHILOLOGICAL SCIENCES

Исабеков И.Н.

АРДЛАНКЕНТ – ЧАТКАЛ ӨРӨӨНҮНҮН ОРТО КЫЛЫМДАРДАГЫ БОРБОРУ

Исабеков И.Н.

АРДЛАНКЕНТ – СРЕДНЕВЕКОВЫЙ ЦЕНТР ЧАТКАЛЬСКОЙ ДОЛИНЫ

I.N. Isabekov

TOPONIMIC RHYMES OF THE CHATKAL VALLEY

УДК: 81.04/728

Ардланкент – тарыхый топоним. Бул топонимдин жаралуу тарыхы боюнча илимий адабияттарда ар кандай кайчы пикирлерди учуратууга болот. Анткени, ушул күнгө чейин Ардланкент деген сөздүн түпкү-тегин, баштапкы формасын аныктап, ачып берүү үчүн этимологиялык талдоолор жүргүзүлгөн эмес. Ошол себептен, биз макалада Чаткал өрөөнүнүн орто кылымдардагы борбору болгон. Ардланкенттин пайда болуу тарыхын, алгачкы берген маанисин чечип берүүгө аракеттендик. Топонимар (ард), лан, кент деген үч компоненттен турат. Биринчи ардеген сөз – аруу таза, лан - лев-арстан деген нукура кыргыз тилинде жана кент-фарс тилинде шаар, айыл деген лексикалык маанилерге ээ экендиги аныкталды. Натыйжада, Ардланкеттин курамын түзгөн сөздөр менен анын лексикалык маанилеринин ортосундагы тыгыз байланыш азыр да сакталып калгандыгына жана анын түпкү аруу (арий) таза, арстан сымал баатыр адамдар жашаган шаар деген түшүнүктөрдү билдирерине күбө болдук.

Негизги сөздөр: *Ардланкент, этимология, Күлбөскан, тарых, топоним, пикир.*

Ардланкент-исторический топоним. В научной литературе можно встретить различные противоположные мнения среди исследователейпо возникиовению данного топонима. Так как до сих пор не проведен этимологический анализ раскрытия первоначального исторического, подлинного значения слова“Ардланкент”. Мною был дан анализпо установлению подлинного значения топонима “Ардланкент” как средневекевого центра Чаткальской долины. Установлено, что топоним состоит из следующих трех компонентов: ар-арий, лан-лев, кент-город, селение. В результате проведенного анализа выявлено, что между лексическим значением и составляющих его компонентов до сегодняшнего дня сохранена тесная связь. При исследовании установлено, что подлинное значение этого слова обозначает “город в котором проживают чистокровные, львуподобные люди.

Ключевые слова: *Ардланкент, этимология, Күлбөскан, история, топоним, мнение.*

Ardlankent-historical toponym. In the scientific literature one can find various opposing opinions among researchers by the appearance of this toponym. As the etymological analysis of the disclosure of the original historical, true meaning of the word “Ardlankent” has not yet been carried out. I have given an analysis to establish the true meaning of the toponym “Ardlankent” as the middle center of the Chatkal valley. It is established that the toponym consists of the following three components: Ar-aryan, lan-lev, Kent-city, village. As a result of the analysis, it was revealed that between the lexical meaning and its constituent components, a close relationship has been maintained until today. In the study found that the true meaning of the word means “the city in which lives of purebred, lionlike people.

Key words: *Ardlankent, etymology, Kulboskan, history, toponym, opinion.*

Ардланкент – орто кылымдардагы тарыхый эстелик. Бул топоним боюнча маалыматтар араб географтарынын эмгектеринде учурайт. Ибн – Хаукал Жадгал (Чаткал) өрөөнүнүн борбору Ардланкент жөнүндө жалпы баяндап, бул чөлкөмдө мындан башка калаа жок экендигин белгилеген [6].

Бирок, Ардланкент шаары Чаткал өрөөнүнүн кайсы жеринде орун алганын араб илимпоздору так көрсөтүшпөгөндүктөн ушул күнгө чейин лингвисттер менен тарыхчылардын ортосунда бирдей пикир жок.

Алсак, тарыхчы Н.Ф. Буряков археологиялык изилдөөлөрүн өткөн кылымда жүргүзүп, азыркы Бурчмолдо (Өзбекстан) айылынын ордунда орто кылымдардагы Ардланкент жайгашкан деп божомолдойт [2, 57-59-бб.].

Мындай пикирге тарыхчы-археолог А.Н. Кибиров кошулбайт. Анын ою боюнча Ардланкент калаасы орто кылымдардагы Жадгал (Чаткал) өрөөнүндөгү

Күлбөскандын ордосу жайгашкан жерде болгонун белгилейт [7, 59-69-бб.].

Ошого карабастан, орто кылымдардагы Ардланкенттин байыркы турпаты, түпкү теги азыркы учурда деле илимпоздордун бүйүрүн кызытып, тынчтык бербей келет.

Атап айта турган болсок, өзбек илимпоздору В.А. Цой, С.А. Аширов «Западный Тянь-Шань: путешествие к истокам» деген китебинде «Ардланкент - Древний город у слияния Чаткала и Коксу, на месте современного поселка Бричмулла. Ардвисура + ланкат деген сөздөрдүн негизинде пайда болгон деп эсептешет [11].

Ошол эле учурда, Историко-культурное наследие и современная культура деген жыйнакта «Древнетюркские топонимы Чачского оазиса» деген макалада «Ардланкент – «арслан+ селение, город» др. тюрк арслан – «лев» деген пикирди учуратууга болот [3, 178-б.].

Мындай кайчы пикирлер бизди ынандырбайт. Анткени, Ардланкент калаасы Ардвисура + ланкат же арслан деген сөздөр аркылуу жаралган деген пикирлерин бышыктоо үчүн эч кандай этимологиялык жана тарыхый далилдерди келтиришкен эмес.

Андыктан, Ардланкенттин көмүскөдө жаткан жашыруун сырын ачып берүү үчүн этимологиялык талдоо жүргүзүү зарыл. Ошондо гана, топонимдин көмүскөдө жаткан жашыруун сыры ошол доорлордо берген мааниси аркылуу ачылат.

Топонимдин **ар (ард)** деген биринчи компоненти байыркы баба тилде ар, аруу (арий), ариет, ар намыс, ардак деген бир уңгудан келип чыккан сөздөрдөн турат.

Мисалы: Ак кепиндеп, **аруу** жууп,

Көмөөр киши болсочу. К. Акиев. «Курманбек» эпосу.

Анарбек Усупбаев «Кыргыз аруу (арий) эл» аттуу китебинде кыргыздын байыркы тарыхын терең талдап, «Аруу элинин эн тамгасы шумер элдерине тиешелүү экендиги (102), Американын Колифорния штатында жашап жаткан индеец туугандардын сүлгү жана журкандарына басылган эн тамгасы (110), Гитлер аруу элинин эн тамгасын колдонуу менен өзүн аруу (арий) элинен экенин далилдегени (116), кыргыз элинин улуттук баш кийими ак калпак аруу (арий) элдеринин эн тамгасын түшүндүрөрү (126) жөнүндөгү пикирин тарыхый далилдердин негизинде тастыктаган (10.102. 110. 116. 126).

Топонимдин экинчи **лан** компоненти боюнча илимий адабияттарда ар кандай пикирлерди учуратууга болот. Лингвисттердин көпчүлүгү лан – лев (арстан, арслан) деген маанилерди түшүндүрөрүн айтышса [kapakurtReplyMay 2013], өткөн доордогу таңууланган (бурмаланган) иран тилиндеги ленг (ланг) «аксак, чолок» маанилерди туюндурарын айрым илимпоздорушул күнгө чейин карманышат [allatpa – radio. com].

Ушул маселе боюнча орус жана европа илимпоз – түрколог дору трабынан жүргүзүлгөн талдоолорду Э. В. Севортян «Этимологический словарь тюркских языков» аттуу эмгегинде жазган [9, 17-177-бб.]. Аталган сөздүктө илимпоздор **лан** – бул «**лев** – во всех названных выше источниках» [9, 177-б.] деп, арстан деген маанини туюндурарын айтышкан.

1978-ж. академик А.Н. Кононовдун редакциялыгы астында XIV к. таандык араб окумуштуулары-нын «Изысканный дар тюркскому языку» деген китеп орус тилине которулган. Аталган китептин 178 бетинде арслан бул «лев» экенин белгиленген [5, 268-б.]. Анализ көрсөткөндөй, орус жана европа илимпоз – түрколог дору да, араб окумуштуулары да лан – аксак деген маанини туюндурарын белгилешкен эмес. Бирок, аффикс «лан» кандай жол менен, эмненин негизинде «лев» деген маниге ээ болгонун түшүндүрүшкөн эмес. Мындай көрүнүштү байыркы доорлордо пайда болгон бир муундуу **аср** жана **аң** деген нукура кыргыз уңгу сөздөрүнүн жаралуу тарыхын, чыныгы түпкү тегинин маанисин орус жана европа илимпоз–түрколог дору, араб окумуштуулары толук түшүнбөгөнү менен байланыштырууга болот.

Байыркы доордо адам баласы чоң жапайы айбандарды колго түшүрүш үчүн терең «аң» казышкан. Казылган «аң» аркылуу ар кандай жапайы айбандарды кармап келгендиги бизге тарыхтан белгилүү. Ошол эле учурда жапайы чоң жырткыч мышыктар үй – бүлөөсүнөн (арстан, арслан, кабылан, сырттан: арстан сымал жаныбарлар) кармап алышкан. Арийне, арстандын аты анын арс, арс (гавкать) үргөн үнүн тууроо аркылуу мүнөздөлгөн. Жыйынтыгында, арсты аңга түшүрүп кармаганга байланыштуу **арс** жана **аң** деген бир муундуу уңгу сөздөр пайда болгон. Ошондуктан казылган аңдан «аң» (аң уулоо - предмет для охоты) деген түшүнүк бардык жапайы жаныбарларга тиешелүү болуп калган.

Мисалы, К. Зулпукаров «Введение в китайско – киргизское сравнительное языкознание» деген китебинин 43 бетинде кытай тилиндеги **«hu»** тигр, рычание тигра + **lang** «хищный зверь, хищник; волк, волчий, по волчьи – кирг: кабылан «леопард, тигр, пантера; большие тигроподобные звери, богатырь, тигроподобные богатырь. Между двумя слогами заимствованного слова происходит паратаксис, т. е. вставка согласного: у = абы. Звук ы появился как протетический перед слогом **lang**деген пикирин айткан [4,43].

Андыктан, арстан деген нукра кыргыз тилине тиешелүү сөздүн да жаралуу тарыхы ушундай эле ыкма менен пайда болгон. Натыйжада, кыргыз тилиндеги бир муундуу **«арс»** жана **«аң»** деген уңгу сөздөрдүн ортосунда паратаксис ыкмасы жүрүп, **т**

тыбышы бир муундуу **«аң»** деген уңгу сөздүн алдында протетикалык (протетический) ыкма аркылуу пайда болду. Жыйынтыгында, арстаң деп айтылып жүрүп, кыргыз тилине ыңгайлашып арстан деп айтылып кеткен. Ошон себептен, азыркы түрк тилдеринде арстан, арслан деген сөздөрдө Ң учурабайт.

О. Айтымбетовдун «Кара кыргыз» деген китебинин I томунун 44 бетинде «арстан» деген нукура кыргыз сөзү кытай тилинде «асилан» болуп берилерин белгилеген [1, 44-б.]. Кыргыз тилиндеги арстан менен кытай тилиндеги асиландын айтылышы жагынан эч кандай айырмасы жок. Кытай тилиндеги «асилан» тыбыштык жактан өзгөргөнүнө карабастан, жогоруда белгилегендей бир муундуу уңгу сөздөрдөн куралып жатат. Себеби, «Кытай тилинин табияты ушундай. Ар бир иероглиф бир сөз, бир маани» [1, 11-12-бб.]. Андыктан, кытай тилиндеги «асилан» деген сөздө эзелки «арстан» (аслан) кыргыз (түрк) тилинин чөгүп кеткен аталышынын турпаты жатат.

Демек, Чоюн Өмүралиев айткандай, тилдерди салыштырууда «Бир гана чындык калат – добуштуу тилдин өзүнүн чындыгы! Тил гана ачык айкын өзү тууралуу өзү сүйлөп берет, кимдигин, тегин, дайынын» [8, 6].

Ырас, биз иликтеп жаткан Чаткал өрөөнүндөгү Арланкент калаасынын добуштуу тили өзүнүн жаралуу тарыхы, түпкү теги, эзелки турпаты жөнүндө өзү айтып жатканын белгилейбиз.

Ошондуктан, **лан** б. з. ч. эле кыргыз жана кытай тилдерине бирдей тиешелүү болгон. Себеби, кыргыз жана кытай маданияты башка элдердин маданиятына, ошол эле фарс жана араб маданиятына караганда эзелки болуп эсептелинет.

Ошондуктан, ирантилиндеги «ленг» Темирланга эч кандай тиешеси жок. Балким, 1362-ж. согушта 26 жашка чыккан Темирлан бутунан жарадар болгондон кийин душмандары тарабынан кемсинтүү максатында Аксак Темир болуп аталып калышы толук мүмкүн. Себеби, «Өз ара душмандашкан элдердин бири – бирин кемсинтип ат коюшу дүйнөлүк тарыхта ар дайым боло келген өнөкөт көшүнүш» [1, 81-б.]. Балким, «лан» башка тилге, өзгөчө фарс, араб тилдериндеги «ленг» менен окшош болуп, таптакыр башка мааниде колдонулуп калгандыр. «Башка тилдеги сөз экинчи тилдеги сөздөргө айтылыш жагынан оңой эле окшош боло бергени менен ал береги тилдерде эки башка маанини билдирет. Мындай окшош сөздөр ар кайсы тилдерде өтө мол кездешет эмеспи, ага карап тарыхты чечмелөөгө болбойт, ал таптакыр туура эмес» [1, 81-б.] Ырас, Темирландын ысымына карата да тарыхта дал ушундай мамиле болгон. Бирок, түпкүлүгү кыргыз (Асыкбек Оморов) Темирланга атасы темирдей бекем, арстан сымал жүрөктүү болсун деген максатта уулуна Темирлан (арстан сымал баатыр, железный лев) атын койгон. Эгерде лан (аффикс) аксак деген маанини туюндурса, анда Эрлан же лан менен аяктаган ысымдардын баардыгы аксак баатырды же чолок жоокерди түшүндүрмөк беле.

Топонимдин үчүнчү **кент** компоненти орто кылымдарда калаа, шаар, кыштак, айыл деген түшүнүктөрдү берген. М: Өзкент, Чимкент, Ташкент ж.б.у.с. Албетте, топонимдин бул бөлүгү фарс тилинен кыргыз тилине киргендиги илимде талашсыз. Ошон үчүн, топонимдин курамын түзгөн сөздөр менен анын лексикалык маанисин бөлүпкароого болбойт.

Ошол себептен биз, **лан** боюнча иликтенген окумуштуулардын пикирлерин эске алып, өзүбүздүн пикирибизди билдиребиз. Эгерде **лан** – чолок түшүнүгүн берсе, анда орто кылымдардагы борбордун **лан** деген экинчи компоненти түпкү маанисинен таптакыр ажырап, таза кандуу аксак адамдар же чолок адамдар жашаган калаа, шаар деген түшүнүк берип калышы мүмкүн. Ошондой адаштырган түшүнүктөр болбош үчүн Ардланкенттин – **лан** бөлүгү байыркы нукура кыргыз сөзү жана анын баштапкы лексикалык маниси **арс** жана **аң** деген бир муундуу уңгу сөздөрдөн турарын түшүнүшүбүз абзел. Ошондо гана, Ардланкенттин курамын түзгөн ар (аруу) лан, кент деген сөздөр менен анын лексикалык таза, арстан, калаа деген маанилеринин ортосундагы ажырагыс байланыш ушул күндө да сакталып калганына жана Ардланкенттин түпкү мааниси аруу, (арий) таза, арстан сымал баатыр адамдар (кишилер) жашаган калаа деген түшүнүктөрдү туюндурарына күбө боло алабыз.

Демек, орто кылымдардагы Чаткал аймагы Жидгил аталып, борбору Арланкент болгон. Арланкент шаарынын калдыгы азыркы «Күлбөскан ордосу» жайгашкан жер [12, 36].

Биз, ушул пикирге толук кошулуп, аны бекемдөө үчүн Ибн Хаукалдын төмөнкү ойлорун карманабыз. Биринчиден, Ибн Хаукалдын Чаткал өрөөнүндөгү Арланкент калаасы жападан жалгыз шаар экендигин белгилегенин эске алсак, анда бул калаа «Күлбөс хандын» ордосундагы урандыларды Арланкент шаарынын калдыгы экенине ынанабыз. Себеби, орто кылымдарда азыркы Өзбекстан тараптагы Чаткал аймагында Арланкенттен (азыркы Бурчмолдо) башка Паркана, Газалкент жана Чач (азыркы Ташкент) ж.б. шаарлары болгон. Ушунун өзү орто кылымдардагы борбор азыркы Чаткал районун төрүнөн орун алган Арланкент калаасы болгондугун дагы бир жолу далилдей алат.

Экинчиден, Ибн Хаукал X кылымда кыргыздар өлгөндөрүн өрттөгөнүн (балким тарыхчы өзү күбө болгондур) баса белгилегенин көңүлдүн борборуна түйсөк, анда Чаткал өрөөнүндө таза, аруу (арий), арстан сыяктуу баатыр элдин (адамдардын) өмүр сүргөнүнө ишенүүгө туура келет.

Себеби, арийлер байыркы доорлордон бери ааламдан өткөн адамдын сөөгүн өрттөп келишкен.

Ошондой жөрөлгө Х кылымда деле Чаткал өрөөнүндө сакталып келгенин Ибн Хаукалдын пикири бышыктап жатат.

Адабияттар:

1. Айтымбетов О. Кара кыргыз. - Б., 1995. 11-12, 44 б.
2. Буряков Ю.Ф. По древним караванным путям Ташкентского оазиса. - Ташкент, Изд-во «Фан» УзССР, 1978. - 57-59-бб.
3. 3.Бабаяров Г.Б. Кубатин А.В. Историко-культурное наследие и современная культура. Древнетюркские топонимы Чачского оазиса. Институт востоковедение АН Республики Узбекстан.
4. Зулпукаров К.З. Введение в китайско-киргизское сравнительное языкознание. - 2016. - 43-б.
5. Изысканный дар тюркскому языку. Грамматический трактат XIV в. На арабском языке. Под редакцией акад. А.Н. Кононова. 5. - С. 268.
6. Китаб Хуруд ал аалам мин ал-Машрип ила-л-Магриб «Материалы по истории киргизов и Киргизии. Выпуск 1. - Москва, 1973. - 35-б.
7. Кибиров А.К. Археологическое изучение Киргизии. Известия КирФАН СССР, вып. II-XII. – 1954. - С. 59-69.
8. Өмүралиев Ч. Босогодогу съз же Кытайдын түбүн тиреген Кыргыз.- 2013. - 6-б.
9. Севортян А.И. Этимологический словарь тюркских языков. - М., 1978. - С. 177-179.
10. Усупбаев А. Кыргыз аруу (арий) эл. - Бишкек. 2013. - 102, 110, 116, 126-беттер.
11. Цой В.А., Аширов С.А. Западный Тянь-Шань: путешествие к истокам, orexca. Com.
12. Чаткал району. Энциклопедия. - Бишкек, 2015. - 36-б.

Рецензент: к.филол.н., доцент Ибрагимов К.